

ОшМПУнун 2024-жылдагы аткарган илимий иштеринин жыйынтыгы жана алдыдагы милдеттери боюнча МААЛЫМАТ

Абсатаров Р.Р.

ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2024-жылдын январь айынан 2024- жылдын декабрь айына чейин Ош мамлекеттик педагогикалык университетиндеги илимий изилдөө иштери төмөнкү ченемдик-укуктук документтеринин негизинде иш алып барды:

- Билим берүү тармагындагы ченемдик-укуктук документтер;
- Кыргыз Республикасынын Илим жөнүндө мыйзамы (2023);
- Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан көрсөтүлгөн нормативдик документтердин тиешелүү бюллетендери
- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Буйруктары;
- ОшМПУнун Уставы

Жыл башында окуу жайыбызда өткөрүлүүчү илимий конференциялардын, семинарлардын жана тренингдердин иш пландары түзүлүп, окуу жайыбыздын ректору тарабынан бекитилген. Ал эми окуу жайдын башка ар бир структураларынын: факультеттердин, колледждин, жана бардык кафедралардын жылдык иш пландары бекитилип, жыл аягында аткарган иштери тууралуу отчёттору кабыл алынды.

ИЛИМИЙ КАДРДЫК ПОТЕНЦИАЛ


ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА:




Орто кесиптик билим берүү боюнча:




Профессордук окутуучулук курамдын гендердик катышы (жогорку билим берүү боюнча)




Профессордук окутуучулук курамдын гендердик катышы (орто кесиптик билим берүү боюнча)



ИЛИМИЙ КАДРДЫК ПОТЕНЦИАЛ





ПРОФЕССОРДУК ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН ИЛИМИЙ БАСЫЛМА ИШТЕРИНЕ АНАЛИЗ



3-диаграмма. Факультеттер берген маалымат боюнча 2024-жылга карата илимий макалалардын саны (2023-2024-жылдар боюнча салыштыруу

ОШМПУНУН ПРОФЕССОРДУК ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН РИНЦ ЖАНА SCOPUS ИЛИМИЙ БАЗАЛАРЫНДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ


(HTTPS://WWW.ELIBRARY.RU/ORG_PROFILE.ASP?ID=20440#A4 САЙТЫНАН КӨРҮҮГӨ БОЛОТ)

elibrary.ru сайтындагы макалалардын саны	1167
РИНЦ системасына кирген макалалардын саны	997
РИНЦ ядросундагы макалалар	6
elibrary.ru сайтындагы макалаларга берилген шилтемелердин саны	394
РИНЦ системасындагы макалаларга берилген шилтемелердин саны	265
РИНЦ ядросундагы макалаларга берилген шилтемелердин саны	8
Индекс Хирша elibrary.ru сайты боюнча	7
Индекс Хирша РИНЦ боюнча	6
Индекс Хирша РИНЦ ядросу боюнча	1
авторлордун саны	91
Science Index те катталган авторлордун саны	74

ОШМПУНУН ПРОФЕССОРДУК ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫ ЭҢ КӨП МАКАЛА ЖАРЫЯЛАГАН ЖУРНАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ



Жылдар боюнча РИНЦ системасына чыккан макалалардын саны




Тематикалар боюнча жайгашышы



РИНЦ системасындагы авторлордун макалаларынын саны



Авторлоштукта жазылган эмгектер



Scopus илимий базасы боюнча маалымат

Всегда переводить английский

Google Translate

18
Documents

16
Авторы

Настроить. Оставить отзыв

Новый

Documents Структура Участники Цели в области связаны с развитием на 2023 г.


18 документов

Просмотр по Отрасль знаний Источник

Скачать Сортировать по Количество документов (по убыванию)

Отрасль знаний	Documents
Охрана окружающей среды	10
Науки о Земле и планетах	9
Энергетика	9
Сельскохозяйственные и биологические науки	4
Химия	4
Биохимия, генетика и молекулярная биология	3
Медицина	2

Отраслевые тенденции



2024-ЖЫЛГА КАРАТА КОРГОЛГОН ИЛИМИЙ ИШТЕР







Орозбаева Айнура Абдазовна “Информатиканы окутууда педагогикалык колледждин студенттеринин санариптик сабаттуулуктарын калыптандыруунун технологиясы” деген темада, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертациялык ишин коргоду.

2. Айтиева Гүлбурак Аскарбековна 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология багыты боюнча “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу” (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде) деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын коргоду.

3. Кидиралиева Нургуль Мелисовна Англис тили жана аны окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча *“Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында билингвизм аркылуу улуттук жашоо дүйнөсүнүн чагылдырылышы”* деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду.



Биология, химия жана жаратылышты пайдалануу кафедрасынын профессору, окуу иштери боюнча проректору К.Т. Раимбеков “Булганыч сууларды биологиялык жол менен тазалоону күчөтүү үчүн жогорку түзүлүштөгү суу өсүмдүктөрүн пайдаланууну экологиялык баалоо” деген темада биология илимдерин доктору окумуштуулук даражасын ийгиликтүү коргоду. 2024-жылдын декабрь айында кафедранын профессору Раимбеков Каныбек Тургуновичтин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук Аттестациялык Комиссиясынан докторлук иши бекилип, биология илимдеринин доктору илимий даражасына ээ болду.

Университеттин 2 окутуучусу Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынан “Доцент” илимий наамын алышты, алар:



Арынбаев Эралы Калилович – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент



Минбаева Кундускан Бодоновна – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент;

МУСАБЕК САТЫБАЛДИЕВ УЛУТТУК "ХРУСТАЛЬ КОМПАС" СЫЙЛЫГЫНЫН ЛАУРЕАТЫ

- 2024-жылдын 30-майында Москва шаарында Эл аралык “Хрусталь компас” улуттук сыйлыгын тапшыруу салтанат аземи болуп өттү. Мында ОшМПУнун ага окутуучусу Мусабек Сатыбалдиевдин “Россия жөнүндө билим берүү долбооорлорунун сериясы” долбоору сыйлыктын финалына чыгып, “Жарандык позиция” номинациясында жеңишке жетишти.
- Аталган даражалуу сыйлыкка Россия, Азербайжан, Индия, Франция, Казакстан, Сербия жана Кыргызстандын өкүлдөрү катышып, жеңүүчүлөрдүн ысымдары салтанатта эксперттик комиссиянын чечиминин негизинде белгилүү болгон.



ИЛИМИЙ ЖАНА БАШКА ДОЛБООРЛОР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

- 2024-жылдын январь айында ЮНИСЕФ агентиги тарабынан өткөрүлгөн “Илимдеги кыздар” долбооруна менторлорду даярдоо семинарынын 4-чакырылышына “Биология, химия жана жаратылышты пайдалануу” кафедрасынын окутуучулары Долонова Г., Сагынбаева Г., Маматеминова Т., К. Кошуевалар катышып, менторлор деген сертификат алышты жана Ноокат жана Кызыл Кыя шаарындагы мектеп гимназияларынын активдүү менти кыздарына ментор болуп иштешти.
- 2024-жылдын апрель айында Эразмус+ программасындагы долбоордун эффективдүү жазылышы жөнүндө тренинге кафедранын улук окутуучусу Г. Сагынбаева, Бишкек шаарынын Адам университетине 18-19 апрель күндөрү катышты. ОшМПУда уюштурулган Жан Моне программасы Эразмус+ долбоорлор менен МжКТФнын окутуучусу А.Ырысбаева катышып келе жатат.
- 2024-жылы п.и.к., доцент Акматова Ч. жана п.и.к., доцент З. Абдывасиевалар Мерсиконун USDA МАКГОВЕРН-ДОУЛ "Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу" программасынын алкагында "Башталгыч мектепте базалык окуу көндүмдөрү жана калыптандыруучу баалоо" боюнча Улуттук тренер болуп региондордун Башталгыч мугалимдерине семинар өтүп, сабактарына мониторинг жүргүзүлүп, кайтарым байланыш жана усулдук колдоо көрсөтүлдү.
- Россия Федерациясынын Казань федералдык университети менен ОшМПУнун “Педагогика жана психология” кафедрасынын окутучуулары “Кызыктуу башталгыч мектеп - театр тарбия технологиясы катары” долбоору аркылуу 72 сааттык өз билимдерин өркүндөтүштү.
- Табият таануу жана география факультетинде “Ош шаарынын жашыл зоналарындагы дарак жана бадалдар флорасынын экологиялык абалын изилдөө” аталышындагы долбоор бир жылдык ишин жыйынтыктады. Университеттин базасына 1 500 000 сомдук лабораторлук каражаттар сатылып алынып факультеттке берилди.
- ORCID Глобалдык Катышуу Фонду ОшМПУга донор болууга макул болду. Макала жазгысы келген мугалимдерге жана кызматкерлерге ORCID фонду тарабынан колдоо күтүлүүдө.





УНИВЕРСИТЕТ ТАРАБЫНАН ӨТКӨРҮЛГӨН ИЛИМИЙ КОНФЕРЕНЦИЯЛАР, ТЕГЕРЕК СТОЛДОР, СИМПОЗИУМДАР

“Нарктуу үй-бүлөлүк педагогика” аттуу аймактык илимий-теориялык конференция (26.02.2024)

Конференция музыкалык-педагогикалык факультетинин педагогика жана психология кафедрасы тарабынан жаштарды үй-бүлөгө даярдоо максатында уюштурулуп, ага ОшМПУ, БатМУ, КӨЭАУ,ОшТУ, ОшМУ, Өзгөн технологиялык жана билим берүү институтунан келген окутуучулар жана студенттер катышты. Жалпысынан 4 секцияда 100 дөн ашуун баяндамал жасалды.

Жыйынтыгында мыкты баяндамаларга белектер тапшырылып конференция жыйынтыкталды



Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата “Автономиялуу облустан эгемендүүлүккө: Кыргыз мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүүсү” аталышындагы эл аралык илимий-практикалык конференция

Конференциянын жүрүшүндө Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнө 100 жыл: саясий жана тарыхый аспектилери, педагогика жана психология илимдеринин учурдагы актуалдуу маселелери, физика-математика жана табигый илимдеринин өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары, коомдук жана гуманитардык илимдерди өнүктүрүүнүн заманбап талаптары боюнча баяндамалар жасалды. Ошондой эле 100 жылдык тарыхта болгон олуттуу өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр, анын кыргыз эли үчүн орду тууралуу орчундуу илимий баяндамалар жасалды





“Улуттук наркты сактоодо тил, адабият жана элдик педагогиканын ролу, Муратовдук окуулар – 2” илимий практикалык конференция (16.05 2024-ж.)







Профессор Каратай Сартбаевдин элесине арналган «Заманбап башталгыч билим берүү: тажрыйбалар жана келечеги» аттуу илимий-практикалык конфренция (17.05.2024-ж)





“Илимий изилдөөнүн заманбап ыкмалары” илим изилдөөчүлөрдүн жана аспиранттардын жайкы мектеби

Жайкы мектеп 6 күнгө пландалып өткөрүлдү. Илим изилдөөчүлөрдүн жана аспиранттардын жайкы мектебинин максаты чыгармачыл, демилгелүү, интеллектуалдык жактан өнүккөн жаштарды илимий жана инновациялык ишмердүүлүккө даярдоо максатында уюштурулду.









“КЕЛЕЧЕККЕ КАРАЙ” АТТУУ II ЭЛ АРАЛЫК КЫРГЫЗ-ОРУС ФОРУМУ

Форум практикалык тажрыйба алмашуу, кесиптик чеберчиликти өркүндөтүү, Кыргызстан менен Россиянын адистеринин заманбап билим берүү тармагында Эл аралык кызматташуусун түзүү максатында уюштурулду







“Магистрдик диссертацияны даярдоо” аталышында илимий семинар (2024-ж. 30-сентябрынан 2-октябрына чейин)

- Ага окуу жайдын жалпы магистранттары катышып, магистрдик диссертацияны даярдоо процессинде илимий-изилдөө иштеринин компетенттүүлүгүн жана көндүмдөрүн иштеп чыгуу боюнча маалымат алышты.
- Семинардын алгачкы күнү катышуучуларга х.и.к., профессор Анарбай Бабеков “Илимий изилдөөлөрдүн негиздери. Илимдин методологиясы жана функциялары. Илимий жаңылык түшүнүгү” аталышында лекция окуду. Аны улай семинар ф.и.к., доцент Жаннат Джумаеванын “Магистрдик диссертация илимий изилдөөнүн бир түрү. Магистрдик диссертациянын тили жана стили. Илимий тилдин өзгөчөлүктөрү” аталышындагы кызыктуу сабагы менен уланды.
- Ал эми 1-октябрь күнү Айсырга Рысбаева “Жасалма интелект жана анын илим изилдөөдөгү орду жана ролу” темасында, п.и.к., профессор Сапарбек Мадраимов, т.и.к., доцент Асадулло Куйчиев жана п.и.к., доцент Эркин Касымбековдор маалымат жана анын илимий изилдөө процессиндеги ролу, маалымат булактарын издөө жана иштетүү, илимий адабий булактар менен иштөө жана илим издөө системалары, маалымат базалары боюнча кызыктуу лекцияларды өтүп беришти.
- Семинардын соңку күнү т.и.к., доцент Нурила Сагынбай кызы , т.и.к., доцент Самарбек Осмонов жана б.и.к. Равшан Абсатаров тарабынан “Магистрдик диссертациянын түзүмү жана мазмуну”, “Магистрдик диссертациянын структуралык жана логикалык схемасы”, “Илимий изилдөөнүн темасын, милдеттерин, объектисин жана предметин түзүүгө талаптар”, “Илимий изилдөөдө плагиатты болтурбоо иш аракеттери” темалары боюнча сабактар өткөрүлдү.





Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Сыдык Алайчиевдин элесине арналган “Агартуучулук-билим берүүнүн өзөгү” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (22.10.2024-ж.)

Эл аралык илимий конференцияга Кыргыз Республикасынын Түрксойдогу расмий өкүлү Канат Мамбеталиев, КРнын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышынын депутаты Бекмурза Эргешов, Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору профессор Салават Сагитов, ОшТУнун ректору Жанболот Турсунбаев, Казакстан Республикасынын Ош шаарындагы башкы консулу Мухтар Карибай, КРнын атайын жана толук ыйгарымдуу элчиси, Сыдык Алайчиевдин небереси Данияр Сыдыковто катышып куттуктоо сөздөрүн айтышты









“Жогорку билим берүүнү “Университет 4.0” моделине трансформациялоодо илимий изилдөө иштерин ОшМПУда ишке ашыруу” аталышындагы тегерек стол

- Тегерек стол 10-ноябрь-Тынчтык жана өнүгүү үчүн Бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө карата уюштурулуп, алгач илим бөлүмү катышуучуларды майрамы менен куттуктап, окуу жайдын окумуштуулары боюнча маалымат камтылган белектер тапшырылды.
- “Университет 4.0” моделине трансформациялоодо илимий изилдөө иштерин ишке ашыруу максатында жасалып жаткан иш чаралар боюнча докладдар окулуп, суроо-жооптор менен коштолуп , тегерек столдо кызуу талкуулар орун алды









II ЭЛ АРАЛЫК "МАНАС" ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР КОНГРЕССИ

Аталган конгресске 4 өлкөдөн (Кыргызстан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан) илим изилдөөчүлөр катышып, алардын докладдары офлайн жана онлайн форматта сунушталып, жалпысынан 60тан ашык макала келип түшкөн. Конференцияда п.и.д., профессор Абакир Мамытовдун “Мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долборлоо: Кыргызстандагы абалы жана келечеги”, п.и.к., доцент Гапыр Мадаминовдун “Студенттердин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурууда АЭМди колдонуунун мааниси”, п.и.д., профессор Акматали Алимбековдун “Көркөм чыгармаларда мугалимдик кесиптин көп кырдуу өзгөчөлүктөрүнүн чагылдырылышы” жана Инабат Даминованын “Бала тарбиялоодо үй-бүлөлүк баарлашуунун ролу” деген темалардагы баяндамалары жасалды. Жыйындын соңунда бир канча суроолор талкууланып, активдүү студенттерге белектер берилди.









ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО

- 2024-2025-окуу жылында 1-курска келишимдик негизде 10 аспирант кабыл алынып, кабыл алуу сынактарын ийгиликтүү тапшырышты.
- Экинчи курста 11 аспирант, үчүнчү курста 24, ал эми 4-курста 18 аспирант илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келүүдө. Келишимдик акыларын төлөбөгөн, илимий изилдөө иштерин аткарбаган 5 аспиран окуудан четтетилди.
- Жалпы 63 аспирант окуйт, анын ичинен күндүзгү окуу формасында 17 аспирант, сырттан окуу формасы боюнча 36 аспирант, билим алып, илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келүүдө. Алар окуу планындагы саат жүктөмдүктөрүн аткарып, 2024-2025-окуу жылында 20 аспирант илимдин тарыхы жана философиясынан, чет (англис) тилинен кандидаттык минимумдарды тапшырышты, Кыргызтест түзүмүнүн стандартташтырылган компьютердик тести аркылуу кыргыз тилинен А1 деңгээли боюнча 16 аспирант ийгиликтүү тапшырып, сертификат алышты.
- 2024-жылдын 20-22-июнь күндөрү Каракол шаарындагы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде “**Окумуштуулук даражаларды изденүүчүлөрдүн (докторанттар жана аспиранттар) VI мектебине”** өтүлүүчү семинарга 3-курстун аспиранттары Ырысбаева Айсырга, Жусупбек кызы Жыргал, Тайыр кызы Нургүл 2-курстан Нурали уулу Шайназар, Айтибаева Алия, Таабалдиева Айнур, 1-курстан Сартбаева Нурзат, А. Абылкасымовалар катышып, сертификат алып келишти.

МАГИСТРАТУРА

- Магистратурада 2023-2024-окуу жылында жалпы 191 магистрант окуусун ийгиликтүү аяктады. Магистранттардын магистрдик иштери антиплагиаттан өткөрүлгөн. Дал келүү 35% ашык эмес болгондугу тастыкталган маалым кат берилип, магистрдик иштерине тиркелген.
- Бүгүнкү күндө магистратурада күндүзгү окуу формасы боюнча 235 магистрант, сырттан окуу формасында 227 магистрант окуп билим алууда.
- Магистрдик билим берүү программаларынын багыттары боюнча окуу планында каралган башкаруучулук (педагогикалык), илимий-педагогикалык жана илимий изилдөө практикаларын өткөрүү үчүн практика өтүлүүчү билим берүү мекемелери, илимий-изилдөө борборлору жана институттары менен алдына ала келишимдер түзүлгөн.
- Магистратурада практиканын жобосуна ылайык 1-курстун I семестринде илимий изилдөө темалары тандалып алынып, окуу жайдын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет. Магистранттар тандап алган илимий темасы боюнча илимий жетекчилери менен үзгүлтүксүз иш алып барышат жана илимий жетекчилери изилдөө иштеринин жүрүшүн көзөмөлгө алат. Практика мезгилинде магистранттын жумушу магистрдик диссертациянын үстүнөн иштөөгө киришет: иштин обьектисин жана предметин аныктоо; изилдөөнүн максатын жана маселелерин формулировкалоо; проблема боюнча адабияттардын жана изилдөөлөрдүн теориялык анализи, илимий тема боюнча керектүү булактарды топтоо; библиографияны түзүү; изилдөө методдорунун комплексин аныктоо; эксперимент жүргүзүү; эксперименталдык берилгендерге анализ берүү; изилдөөнүн жыйынтыктарын жазуу менен бирге 2ден кем эмес илимий макаланы (апрабациялоо) басмадан чыгарышат.







“А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ” ИЛИМИЙ-УСУЛДУК ЖУРНАЛЫ

- 2024-жылы журнал РИНЦ системасындагы журналдардын тизмесине кирди. Импакт фактору 0,013 көрсөткүчүнө ээ болду.

АНАЛИЗ ПУБЛИКАЦИОННОЙ АКТИВНОСТИ ЖУРНАЛА

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ А. МЫРСАБЕКОВА

Ошский государственный педагогический университет им. А. Мырсабекова
(Ош)

СВЕДЕНИЯ О ПЕРЕИМЕНОВАНИИ И ПЕРЕВОДЕ

Предыдущее название: Вестник Ошского гуманитарно-педагогического института имени А. Мырсабекова (с 2009 по 2021 год)

ОБЩИЕ ПОКАЗАТЕЛИ

Название показателя	Значение
Общее число выпусков журнала	10
Общее число статей из журнала	372
Общее число статей с полными текстами	372
Суммарное число цитирований статей журнала в РИНЦ	20
Среднее число статей в выпуске	37
Число выпусков в год	2

ПОКАЗАТЕЛИ ПО ГОДАМ

Название показателя	2014	2015	2016	2017	2018	2019	2020	2021	2022	2023
Число статей в РИНЦ	0	0	0	0	0	0	0	114	121	59
Число выпусков журнала в РИНЦ	0	0	0	0	0	0	0	2	3	2
Показатель журнала в рейтинге SCIENCE INDEX	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
Место журнала в рейтинге SCIENCE INDEX	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
Процентиль журнала в рейтинге SCIENCE INDEX	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
Двухлетний импакт-фактор РИНЦ	-	-	-	-	-	-	-	-	0,000	0,013
Двухлетний импакт-фактор РИНЦ без самоцитирования	-	-	-	-	-	-	-	-	0,000	0,013

РЕДАКЦИЯ:

Ошский государственный педагогический университет им. А. Мырсабекова (Ош)

МЕСТО РАСПОЛОЖЕНИЯ РЕДАКЦИИ:

Ошский государственный педагогический университет им. А. Мырсабекова (Ош)

СВЕДЕНИЯ ОБ ИЗДАНИИ:

- ISSN печатной версии: 1694-853X
- ISSN электронной версии: 1694-8548
- Число выпусков в год: 2
- Год основания: 2009
- Число статей в выпуске: 45
- Период выпуска: 2021-...
- Число страниц в выпуске: 270
- Архив на eLIBRARY.RU: 2021-2024
- Всего статей на eLIBRARY.RU: 372
- Всего выпусков на eLIBRARY.RU: 10
- Свидетельство о регистрации СМИ: №1527 от 01.11.2021

РЕДАКЦИОННАЯ ПОЛИТИКА:

Цели журнала:

- Освещение и привлечение внимания к актуальным проблемам педагогических, гуманитарных, социальных, физико-математических, естественных и филологических отраслей науки;
- Распространение информации о передовых исследованиях в данных областях;
- Формирование тематических научных площадок для обмена научными мнениями, предложениями и опытом;
- Обмен результатами исследований в области педагогических, гуманитарных, социальных, физико-математических, естественных и филологических отраслей науки между отечественными и зарубежными учеными из разных стран.

Задачи журнала:

- Предоставление страниц для публикации результатов фундаментальных и прикладных исследований в области педагогических, гуманитарных, социальных, физико-математических, естественных и филологических отраслей науки;
- Информирование специалистов и общественности об актуальных направлениях в области исследования педагогики, гуманитарных, социальных, физико-математических, естественных и филологических отраслей науки;
- Расширение возможности распространения и индексирования опубликованных научных работ в различных ключевых зарубежных базах цитирования.
- Апробация научных исследований молодых ученых и аспирантов.

ИНДЕКСАЦИЯ:

- eLIBRARY.RU: да (договор 121-04/2022)
- РИНЦ: да
- RSCI: нет
- Ядро РИНЦ: нет
- DOAJ: нет
- Web of Science: нет
- Квартиль в Web of Science: нет
- Scopus: нет
- Квартиль в Scopus: нет
- Белый список: нет
- Уровень в Белом списке: нет
- Перечень ВАК РФ: нет
- Категория в Перечне ВАК: нет
- CrossRef: да
- Префикс DOI: 10.56122
- Базы данных:

СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

Студенттик илим жаштардын кесиптик, академиялык жана инсандык өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Ал кесиптик көндүмдөрдү өрчүтүүгө жана келечектеги карьерага даярдануруга уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет. Студенттердин илимий конференциялары – бул башка өзү сыяктуу изилдөөчүлөр менен байланышуу үчүн сонун мүмкүнчүлүк. Студенттик конференциянын максаты жана милдеттери студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн колдоого, аларды чыгармачыл жактан өнүктүрүгө жана профессионалдык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган.
ОшМПуда студенттик конференцияларды уюштуруунун негизги максаты төмөнкүлөр:

- Студенттерде илимий-изилдөө ишмердүүлүктү өнүктүрүү;
- Теория менен практиканы байланыштыруу;
- Чыгармачыл ой жүгүртүүнү өркүндөтүү;
- Студенттер арасында тажрыйба алмашуу;
- Студенттерди кесиптик жактан даярдоо.

Милдеттери:

1. Студенттерде илимий кызыгуун ойготуу;
2. Аларга илимий көндүмдөрдү калыптандыруу;
3. Маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгууну үйрөтүү;
4. Изилдөө усулдары менен тааныштыруу;
5. Түшүндүрмө жана корутундуларды жазууну үйрөтүү.

1. **“Нарктуу үй-бүлөлүк педагогика” (март 2024-ж.)**
2. **Миталип Тайировдун 70 жылдыгына карата “Студент жана инновациялык технологиялар” (октябрь 2024-ж.)**
3. **Замана агымы жана төкмөлүк өнөрдүн айкашы (ноябрь 2024-ж.)**

XI АЙМАКТЫК ОЛИМПИАДАДА ОшМПУ 3-ОРУНДУ ЭЭЛЕДИ

- 20-апрель күнү Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин студенттери жогорку окуу жайлар аралык XI аймактык студенттердин олимпиадасына катышып келишти.
- Олимпиада бул жылы Ош технологиялык университетинде уюштурулуп, ага катышкан 8 жогорку окуу жайдын ичинен ОшМПУ 3-орунду ээледи.
- Иш чарага окуу жайда даярдалып жаткан педагогикалык багыттагы адистиктерден 80ден ашуун студенттер жана ага 28 жооптуу окутуучулар катышып, студенттер профилдик (кесиптик) 12 багыт боюнча, ал эми профилдик эмес 16 предметтен билимдерин сынашты.
- XI аймактык студенттик олимпиаданын жыйынтыгы боюнча ОшМПУнун 5 студенти 1-орунду багындырып I даражадагы диплом менен сыйланышты. Ал эми 9 студент 2-орун, 6 студент III орунду ээлеп, II-III даражадагы дипломдорго ээ болушту.
- Педагогика профили боюнча П(б)-1-21 тайпасынан Мээримгүл Медетбек кызы 1-орунду, Диана Мийманалы кызы 2-орунду, Чынара Шергазы кызы 3-орунду багындырышты. География профили боюнча Г-21 тайпасынан Айнура Шавкат кызы 1-орунду, тарых профилинен Т(б)-1-22 тайпасынын студенттери Тилек Райев 1-орунду, Актан Раимбеков 2-орунга ээ болушту.
- https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02VBVwpG2CGGBBdtMkREd17yj4k23Y48zJ4bsjHwqHBsGJcMvHdxEpmjrkXHwyhZC2l





Бизнес идеяларды ишке ашыруу

Университетте ОшМПУнун студенттеринин инсандын социалдык ийгиликке жетүүсүн камсыздоо жана студенттердин стартап бизнес идеяларын ишке ашыруу маселелери жолго коюлду.

“Тирек” кол өнөрчүлөр клубу -Кыргыз Россия факультетинин студенти Өскөнбай кызы Жайнагүл. Окуу жай 4 тигүү машина жана 2 оверлок менен камсыздап берди.Учурда заказдарды алып жана тиккен кийимдерин ижарага берип иштеп жатышат;

Компьютердик сабаттуулук курсу – Математика жана информатика факультетинин магистранты Эргешбай кызы Аселкан. Студенттердин жана жашоочулардын заман талабына жараша компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу курсу иштеп баштады;

Тигүү-бычуу курсу – Математика жана информатика факультетинин студенти Советбек кызы Зулайка. 29 студент аталган курсту аяктады.

ОшМПУнун студенттери бизнес идеяларды ишке ашыруу максатында окуу жай жана эл аралык уюмдар (Ага Хан жана Юсаид) тарабынан 1 474 000 сом өлчөмүндөгү кайтарымсыз гранттарды алышып ишкердикти баштоосуна мүмкүнчүлүк алышты:

- 1. Абдивалиева Айгерим, Келдибек кызы Канықей -“Тирек” кол өнөрчүлөр клубу
- 2. Даниярбекова Гүлшанай -“САПАТ” тигүү цехи
- 3. Мырзабек кызы Акмаанай –“Эко биогумус”
- 4. Айгузал Акылбек кызы –Кондитер азыктарын иштеп чыгуу
- 5. Айзат Абдихаликова – тигүү цехи
- 6. Мухаммед Шамырбеков –Гумус
- 7. Гулиза Исамидин кызы –Кол өнөрчүлүк

УНИВЕРСИТЕТТИН РЕЙТИНГИ

- Университеттин рейтинги – бул жогорку окуу жайлардын окуу, илимий жана башкаруу ишинин сапатынын деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берүүчү баалоо системасы. Рейтингдер академиялык репутация, окутуунун сапаты, илимий изилдөөлөр жана башка көрсөткүчтөрдүн негизинде түзүлөт.
- КР Улуттук рейтингинин критерийлери алты негизги критерий тобунун тегерегинде топтолгон баалардан турат:

1. Академиялык кадыр-барк (университеттин бардык баасынын 30%);
2. Жумуш берүүчүлөрдүн баасы (20%);
3. Окутуунун сапаты (15%) ;
4. Шилтеме индекси (20%);
5. Чет өлкөдөн келген окутуучулардын саны (10%);
6. Чет элдик студенттердин саны (5%).

- ОшМПУнун улуттук рейтингде 16-орунда турат


Сокращенное название	Общий балл	Место в рейтинге
КГМА	461,56	1
МУ Ала-Тоо	453,58	2
КГТУ	436,74	3
ОшГУ	415,84	4
КРСУ	412,74	5
КНУ	404,36	6
КНАУ	403,54	7
КГУ	352,92	8
КЭУ	324,3	9
БГУ	318,12	10
МУКР	316,3	11
ЖАГУ	309,98	12
МВШМ	308,32	13
КУМУ	305,16	14
ОшТУ	293,74	15
ОшГПУ	264,64	16
МУИТ	259,34	17
УНПК МУК	258,26	18
БатГУ	254,98	19
Салымбеков Ун	251,36	20
ИГУ	236,28	21
НГУ	220,4	22
ММУ Авиценна	207,54	23
МНУ	196,02	24
АзМИ	175,78	25
ММУ	167,18	26
БММИ	114,34	27

Хирш индекси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук рейтинги

Улуттук H-индекс рейтинги – бул ЖОЖдорду, илимий уюмдарды жана илимий мекемелерди бирдиктүү жана ачык-айкын баалоо үчүн түзүлгөн эл аралык коммерциялык эмес рейтинг. Негизги көрсөткүч - бул илимий изилдөө чөйрөсүндөгү белгилүү, популярдуу жана туруктуу болгон Хирш индекси. Долбоордун үстүндө АКШ, Улуу Британия, Украина, Голландия жана Түркиялык окумуштуулар тобу иштейт.

Кыргызстандын улуттук Хирш рейтингинин өзгөчөлүгү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Бул ачык булактардан жана маалымат базаларынан (Scopus, Web of Science, Google Scholar) бир көрсөткүчтүн, H-индексинин негизинде илимий өндүрүмдүүлүктү баалаган дүйнөдөгү жалгыз рейтинг;
- Изилдөө уюмдары улутуна жараша рейтингде турат, бул маалыматтардын эң объективдүү салыштырма анализин камсыз кылат.
- Рейтинг ачык-айкын көрсөткүчтөрдү жана индикаторлорду колдонот.
- Рейтинг университеттердин гана эмес, илимий уюмдардын, бизнес демилгелердин жана ишмердүүлүгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө багытталган бардык мекемелердин илимий ишмердүүлүгүнө баа берет.



ИЛИМИЙ ИШТЕРДИ ӨНҮКТҮРҮҮ БАГЫТЫНДАГЫ АЛДЫДАГЫ МИЛДЕТТЕР:

1. ОшМПУнун илимий изилдөө иштерин “4-муундагы университет” моделине трансформациялоону күчтөндүрүү;
2. ОшМПУнун окумуштууларынын Хирш индекс боюнча рейтингин чыгаруу, профессордук-окутуучулук курамдын илимий рейтингин чыгаруу;
3. Эл аралык рейтингдерге катышуу;
4. Айрым адистиктер боюнча PhD тармагына лицензия алуу жана 2025-жылдан баштап кабыл алуу;
5. Scopus, Web of Science жана РИНЦ ядросундагы илимий журналдардан макалаларды чыгаруу боюнча ишерди алдыга жылдыруу;
6. Илимий долбоорлорду жазуу аркылуу илимий гранттарды алуу боюнча иштерди күчтөндүрүү;
7. ОшМПунун профессордук-окутуучулук курамына ички гранттар боюнча иш алып барууну жолго коюуу.
8. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын комерциялаштырууну жолго коюуу